DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Шарабидин кызы А., Бактыярова С.Ж., Кумаров Ш.К.,*

# ИШКЕРДҮҮЛҮКТӨГҮ ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫ КАЙРА УЮШТУРУУНУН ЖАНА КЫСКАРТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Шарабидин кызы А., Бактыярова С.Ж., Кумаров Ш.К.,*

# ОСОБЕННОСТИ РЕОРГАНИЗАЦИИ И ЛИКВИДАЦИИ ЮРИДИЧЕСКИХ ЛИЦ В ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВЕ

*Sharabidin kyzy A., S. Baktiyarova, Sh. Kumarov*

# FEATURES OF REORGANIZATION ANDLIQUIDATION OF LEGAL ENTITIES IN ENTREPRENEURSHIP

*УДК: 340*

*Макала негизинин бүгүнкү күндөгү заман талабы болгон ишкердүүлүктөгү юридикалык жактардын ишмердүүлүгүнө арналып, алардын мыйзам боюнча кайра уюшулуусу, ошону менен бирге кыскаруусу боюнча маалыматтарды камтыйт. Бүгүнкү күндө ишкердүүлүк багыты биздин өлкөдө бир топ өсүп, өнүктү десек жаёылыштык болбойт. Кыргыз Республикасы өз алдынча эгемдик алган күндөн тартып, жеке ишкердик, юридикалык жактардын ишмердүүлүк жүргүзүүсү күн санап өстү. Мамлекет тарабынан бул багытта ар кандай мыйзамдар, токтомдор жана жоболор кабыл алынып иштеп баштады. Ишкердик тармагынын негизги субьекттери болгон юридикалык жактардын ишмердиги кандай тартипте уюшулат же болбосо кайра уюшулат, ошону менен бирге кайсыл учурларда ишмердүүлүгү токтолулуп кыскартылгандыгы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Граждандык кодекси кабыл алынып, ошонун негизинде көзөмөлдөнүп жатат. Негизинен ишкердүүлүк чөйрөсүндө юридикалык жак катары ишмердүүлүк жүргүзгөн акционердик коомдорго токтолобуз. Акционердик коомдордун кайра түзүлүүсү жана кыскарышы боюнча макалада кенири маалыматтар берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *юридикалык жак, акционердик коом, мамлекет, ишкердүүлүк, уюштуруу, кыскартуу, мыйзам.*

*Статья в основном посвящена деятельности юридических лиц в современном предпринимательстве и содержит информацию об их правовой реорганизации, а также сокращении. Сегодня можно с уверенностью можно сказать, что предпринимательство в нашей стране росла и развивалось. С момента обретения Кыргызской Республикой независимости деятельность индивидуальных предпринимателей и юридических лиц увеличивалось день этого дня. Правительство приняло различные законы, постановления в этой области. Законодательство Кыргызской Республики о порядке реорганизации или реорганизации юридических лиц, являющихся основными субъектами предпринимательства, а также о случаях приостановления или сокращения дел регулируется Гражданским кодексом. В основном мы ориентируем на акционерные общества, действующие как юридические лица в сфере предпринимательства. В статье представлена подробная информация о реорганизации и сокращении акционерных обществ.*

***Ключевые слова:*** *юридическое лицо, акционерное общество, государство, предпринимательство, реорганизация, сокращение, закон.*

*The article is mainly devoted to the activities of legal entities in modern business and contains information on their legal reorganization, as well as reduction. Today we can say with confidence that entrepreneurship in our country has grown and developed. Since the Kyrgyz Republic gained independence, the activities of individual entrepreneurs and legal entities have increased day by day. The government has passed various laws, regulations and ordinances in this area. The legislation of the Kyrgyz Republic on the procedure for reorganization or reorganization of legal entities that are the main subjects of entrepreneurship, as well as on cases of suspension or reduction of cases, is regulated by the Civil code. We mainly focus on joint stock companies acting as legal entities in the field of entrepreneurship. The article provides detailed information on the reorganization and downsizing of joint stock companies.*

***Key words:*** *legal entity, joint, stock, company, state, business, reorganization, reduction, law.*

Бүгүнкү күндө ишкердүүлүк багытында юридикалык жактардын ишмердүүлүгү бир топко алдыга жылды десек болот. Анткени ишкердүүлүк багытында жаныланүүлар байма бай болуп жатат. Мисалы техникалык жактан болсун, товар өндүрүү болсун, айтор ишкерлерге бардык шарттар түзүлүп, ишкердүүлүк жүргүзүүгө ыңгайлуулуктар жаралып жатат. Ошол себептен ишкердүүлүк жүргүзгөн юридикалык жактардын кайра түзүлүүсүн жана кыскаруусунун укуктук жагына, өзгөчөлүгүнө токтолуп кетсек. Акционердик коом түрүндө түзүлгөн корпорация түрүндө түзүлгөн юридикалык жактардын кайра түзүлүүсүн жана кыскаруусуна токтолуп кетсек.

Юридикалык жактарды реорганизациялоо (кайра түзүү) **эки этап** менен жүргүзүлөт.

1) Өз каалоосу менен *(Мисалы: ачык коом жабык болуп өзгөрүүсү).*

2) Мажбурлоо жолу менен *(М: жабык коомдун акционерлеринин саны мыйзамда көрсөтүлгөндөн ашып кетсе, ачык коом болуп түзүлүүсү).*

*Коомду кайра уюштуруу:* коом КРнын Мыйзамында каралган тартипте ыктыярдуу түрдө же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тар-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



типте соттун чечими менен кайра уюштурулушу мүмкүн.

Коомду кайра уюштуруу кошулуу, бөлүнүү, бөлүнүп чыгуу жана кайра түзүү түрүндө ишке ашырылышы мүмкүн.

Ажыраткан (бөлүнүп чыккан) учурда кайрадан уюштурулуп жаткан коомдун бардык укук мураскорлорунун уюштуруу-укуктук түрү коомду кайра уюштуруу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин колдонулган анын уюштуруу-укуктук түрүнө дал келүүгө тийиш.

Коомду кайра уюштуруу жоопкерчилиги чектелген коом түрүндө жана коммерциялык уюм түрүндө түзүлгөн кооператив болушу мүмкүн.

Кошулуу түрүндөгү кайра уюштуруудан тышкаркы бардык учурларда коом жаңыдан пайда болгон юридикалык жактар мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан баштап кайра уюштурулду деп эсептелинет.

Коомду башка коомго бириктирүү жолу менен кайра уюштурууда алардын биринчиси кошулган коомдун ишин токтотуу жөнүндө жазуу юридикалык жактардын бирдиктүү мамлекеттик реестрине мамлекеттик каттоо органы тарабынан киргизилген учурдан баштап кайра уюштурулду деп эсептелинет.

Коомдорду кайра уюштуруунун натыйжасында жаңыдан пайда болгондордун мамлекеттик каттоо жана кайрадан уюшулган коомдордун ишин токтотушу жөнүндөгү жазууну киргизүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленгендей тартипте ишке ашырылат.

Коомду кайра уюштуруу расмий басма сөздө бул тууралу билдирүү жарыялангандан кийин эки айлык мөөнөткө жеткирбей жүргүзүлөт. Коомду кайра уюштуруу жөнүндөгү маалымат жарыяланган учурдан тартып кредиторлор мөөнөтүнөн мурда токтотуу же тиешелүү милдеттенмелерди орундатуу тууралу эки айдын ичинде коомго талап коюуга укуктуу, ал эми коом алардын талаптарын канааттандырууга милдеттүү.

Эгерде кайра уюштуруунун натыйжасында кайра уюшулган коомдун капиталы Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген өлчөмдөн аз болсо, коом кайра уюштурулбайт.

Коомду кайра уюштурууда анын жөнөкөй, ошондой эле артыкчылыктуу акцияларын, конвертирленүүчү акцияларды анын эмиссиясынын проспектине ылайык жөнөкөй акцияларга, мүлккө же дагы башка мүлк укуктарына алмаштырууга жол берилбейт.

Кошулуу жөнүндөгү жана кошулууга өткөрүп берүү тууралу келишимдеги акты, бөлүнүү же бөлүнүп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынган чогулуштун протоколу, бөлүнүү же бөлүнүп чыгуудагы ажыратуу балансы жаңыдан түзүлгөн чарбалардын уюмдаштыруу келишимин алмаштыруучу документ болуп саналат.

*Коомдордун кошулушу:* эки же бир нече коомдордун бардык укуктары менен милдеттерин жаңы пайда болгон коомго өткөрүп берип, натыйжада акыркыларынын ишинин токтотулушуна алып келген аракет коомдун кошулушу деп таанылат.

Коомдорду кошуу алардын мүлкүн бириктирүү жана бириктириле турган коомдун акцияларын жаңыдан түзүлгөн коомдун акциялары менен алмаштырып, алардын балансттарын консолидациялоо жолу менен ишке ашырылат.

Кошулууга катышкан коомдор кошулуу тууралу келишим түзүшөт, анда төмөнкүлөр аныкталат:

- кошулуунун тартиби жана шарты;
- ар бир коомдун акцияларын жаны коомдун акцияларына жана дагы башка баалуу кагаздарына конвертациялоонун тартиби.

Кошулууга катышкан ар бир коомдун директорлор кеңеши же (эгерде коом директорлор кеңешин түзбөй иштей турган болсо) аткаруу органы өз коомунун акционерлеринин жалпы чогулушунун кароосуна бириктирүү түрүндө кайра уюштуруу жана кошулуу жөнүндөгү келишим менен өткөрүп берүү актын бекитүү тууралу маселени коет.

Жаңыдан түзүлгөн коомдун уставын бекитүү жана башкаруу органдарын шайлоо кошулууга катышкан акционердик коомдордун биргелешкен чогулушунда жүргүзүлөт. Добуш берүү тартиби акционерлердин биргелешкен жалпы чогулушунда коомдорду кошуу жөнүндөгү келишим менен аныкталат.

Коомдорду кошкон учурда алардын ар биринин бардык укуктары менен милдеттери өткөрүп берүү актына ылайык жаңыдан түзүлгөн коомго өтөт.

Эгерде Мыйзамда башкасы каралбаса, акционердик коом жоопкерчилиги чектелген коом менен коммерциялык уюм катары түзүлгөн кооператив менен кошулууга укуктуу. Акционердик коомду жоопкерчилиги чектелген коом жана коммерциялык уюм катары

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



түзүлгөн кооператив менен кошкондо аларды кошкон учурда түзүлгөн коом акционердик коом гана боло алат.

*Коомдун биригиши:* Бир же бир нече коомдордун ишинин токтотулушу менен алардын бардык укуктары менен милдеттерин башка коомго өткөрүп берген иш-аракет коомдордун биригиши деп таанылат.

Акционердик коомдорду бириктирүү алардын мүлкүн бириктирүү жана бириге турган коомдун акцияларын иштешин уланткан коомдун акциялары менен алмаштыруу, алардын балансатарын консолидациялоо жолу менен ишке ашырылат.

Бириүүчү коом менен бириктирип ала турган коом биригүү тууралу келишим түзүшөт, анда төмөндөгүлөр аныкталат:

- биригүүнүн тартиби жана шарттары;
- биригүүчү коомдун акцияларын бириктирип ала турган коомдун акцияларына жана дагы башка баалуу кагаздарына конвертациялоонун тартиби.

Ар бир коомдун директорлор кеңеши же (эгерде коом директорлор кеңешин түзбөй иштей турган болсо) аткаруу органы өз коомунун акционерлеринин жалпы чогулушунун кароосуна биригүү түрүндө кайра уюштуруу жана биригүү тууралу келишимди бекитүү жөнүндө маселени коет. Биригүүчү коомдун директорлор кеңеши же (эгерде коом директорлор кеңешин түзбөй иштеп турган болсо) аткаруу органы да акционерлердин жалпы чогулушунун кароосуна өткөрүп берүү актын бекитүү жөнүндөгү маселени коет.

Бир коом экинчи коомго бириккен учурда өткөрүп берүү актына ылайык бириге турган коомдун бардык укуктары менен милдеттери акыркысына өтөт.

Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы белгиленбесе, жоопкерчилиги чектелген коом жана коммерциялык уюм түрүндө түзүлгөн кооператив акционердик коомго биригүүгө укуктуу.

Акционердик коом чарбалык шериктештикке же уюштуруу-укуктук формасындагы акционердик коомго караганда башкачараак коомго биригүүгө укуксуз.

***Коомду кайра түзүү:***

Коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды сактоо менен жоопкерчилиги чектелген коомго же коммерциялык уюм түрүндө түзүлгөн кооперативге кайра түзүлүүгө укуктуу.

Кайра түзүлүүчү коомдун директорлор кеңеши же (эгерде коом директорлор кеңешин түзбөстөн иштей турган болсо) аткаруу органы акционерлердин жалпы чогулушунун чечимине коомду кайра түзүү жөнүндөгү, кайра түзүү жүргүзүүнүн тартиби жана шарттары, коомдун акцияларын жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучуларынын салымдарына же коммерциялык уюм түрүндө түзүлгөн кооперативдин мүчөлөрүнүн пайына алмашуу тартиби жөнүндөгү маселени коет.

Кайра түзүлүүчү коомдун акционерлеринин жалпы чогулушу коомду кайра түзүү, кайра түзүүнүн тартиби жана шарттары, коомдун акцияларын жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучуларынын салымдарына же коммерциялык уюм түрүндө түзүлгөн кооперативдин мүчөлөрүнүн пайына алмашуу тартиби жөнүндө чечим кабыл алат. Кайра түзүүдө пайда болгон жаңы юридикалык жактын катышуучулары өзүнүн биргелешкен жыйналышында анын уюмдаштыруу документтерин бекитүү жана ал уюмдар жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык башкаруу органдарын шайлоо (дайындоо) жөнүндө чечим кабыл алат.

Коомду кайра түзгөн учурда жаңыдан пайда болгон юридикалык жакка кайра уюшулган коомдун бардык укуктары менен милдеттери өткөрүп берүү актына ылайык өтөт.

*Коомдун бөлүнүп чыгышы:* коомдун бөлүнүп чыгышы деп кайра уюшулган коомдун укуктары менен милдеттеринин бир бөлүгүн анын ишин токтотпостон эле бөлүүчү балансқа ылайык өткөрүп берүү менен бир же бир нече коомдорду түзүүгө алып келген аракет таанылат.

Кайра уюшулган коомдун директорлор кеңеши же (эгерде коом директорлор кеңешин түзбөстөн иштей турган болсо) аткаруучу органы акционерлердин жалпы чогулушунун кароосуна төмөнкүдөй маселелерди коет:

- бөлүнүп чыгуу түрүндө коомду кайра уюштуруу жөнүндө;
- бөлүнүүнүү ишке ашыруунун тартиби жана шарттары жөнүндө;
- жаңы коомду түзүү жана коомдун акцияларын бөлүнгөн коомдун акциялары жана башка баалуу кагаздары менен конвертациялоонун тартиби жөнүндө;
- бөлүүчү балансты бекитүү жөнүндө.

Бөлүнүп чыгуу жолу менен коомду кайра уюштурганда кайра түзүлгөн коомдун акционерлери кайра

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



уюшулган коомдун капиталындагы өз үлүштөрүнө пропорционалдуу кылып бөлүнгөн коомдун капиталындагы үлүштөрүнө ээ болушат.

*Акционердик коомдун бөлүнүшү:* коомдун ишинин токтотулушу менен анын бардык укуктары жана милдеттеринин жаңыдан түзүлө турган коомго өткөрүп берилиши коомдун бөлүнүшү деп таанылат.

Кайра уюшулуп жаткан коомдун директорлор кеңеши же (эгерде коом директорлор кеңешин түзбөстөн иштей турган болсо) аткаруу орган акционерлердин жалпы чогулушунун кароосуна төмөндөгүдөй маселелерди коет:

- коомду бөлүп кайра уюштуруу жөнүндө;
- кайра уюштуруунун тартиби жана шарттары жөнүндө;
- жаңы коомдорду түзүү жана кайра уюшулган коомдун акцияларын түзүлүп жаткан коомдун акцияларына жана (же) башка баалуу кагаздар менен конвертациялоонун тартиби жөнүндө.

Бөлүү жолу менен коомду кайра уюштурганда жаңыдан түзүлгөн коомдун капиталын кайра уюшулган коомдогу акционерлердин үлүшүнө пропорционалдуу кылып алардын ортосунда бөлүштүрүлөт.

Кайра уюшулган коомдун акционерлеринин жалпы чогулушу бөлүү түрүндө коомду кайра уюштуруу, жаңы коомдорду түзүү жана кайра уюшулган коомдун акцияларын жаңыдан түзүлгөн коомдун акциялары жана башка баалуу кагаздары менен конвертациялоонун тартиби жөнүндө чечим кабыл алат.

Ар бир жаңыдан түзүлгөн коомдун акционерлеринин жалпы чогулушу анын уставын бекитүү жана башкаруу органдарын шайлоо жөнүндө чечим кабыл алат.

*Юридикалык жактарды кайра түзүү* (бириктирүү, кошуу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, өзгөртүп түзүү) анын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) же уюштуруу документтери менен ага ыйгарым укук берилген юридикалык жактын органынын чечими менен, лицензияда белгиленген операцияларды жүргүзүү алар үчүн ишмердиктин бирден-бир уруксат берилген түрү болуп саналган банктарга, финансы-кредит уюмдарына же мекемелерге карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими боюнча ишке ашырылышы мүмкүн.

Корпорацияларды жоюуу үч этап менен жүргүзүлөт.

1) Өз каалосу менен *(коомдун мүчөлөрү максатына жеткенде)*
2) Мажбурлоо жолу менен *(одоно мыйзам бузганда)*
3) Ишмердүүлүгүн токтотуу *(банкрот болгондо)*

*Коомдун жоюлушу:* Коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ушул Мыйзамдын жана коомдун уставынын талаптарын эске алуу менен ыктыярдуу түрдө жоюлушу мүмкүн.

Коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча соттун чечими менен жоюлушу мүмкүн.

Коомду жоюу укук мурастоо иретиндеги укуктар менен милдеттерди башка адамдарга өткөрүп берүүсүз токтотулушуна алып келет.

Коомду жоюунун тартиби, ошондой эле кредиторлорго төлөп берүүлөрдүн кезек күтүү тартиби Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине жана банкроттук жөнүндө мыйзамдарга ылайык коом тарабынан жүргүзүлөт.

Төлөө жөндөмдүүлүгү бар коом ыктыярдуу түрдө жоюлган учурда жоюлуп жаткан коомдун директорлор кеңеши же (эгерде коом директорлор кеңешин түзбөстөн иштей турган болсо) аткаруу органы акционерлердин жалпы чогулушунун кароосуна коомду жоюу жана жоюу комиссиясын (жоюучуну) дайындоо жөнүндө маселени коет.

Ыктыярдуу түрдө жоюлуп жаткан коомдун акционерлеринин жалпы чогулушу коомду жоюу жана жоюу комиссиясын (жоюучуну) дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат.

Жоюу комиссиясы (жоюучу) дайындалган учурдан тартып коомдун иштерин башкаруу боюнча бардык ыйгарым укуктар ага өтөт. Жоюу комиссиясы жоюлуп жаткан коомдун атынан сотто чыгып сүйлөй алат.

***Ыктыярдуу түрдө жоюлуп жаткан коомдун мүлкүн анын акционерлеринин ортосунда бөлүштүрүү төмөнкүдөй ишке ашырылат.***

Жоюлуп жаткан коомдун кредиторлор менен эсептешип бүткөндөн кийинки мүлкү жоюу комиссиясы (жоюучу) тарабынан акционерлердин ортосунда төмөнкүдөй кезек менен бөлүштүрүлөт:

– биринчи кезекте артыкчылыктуу акциялар боюнча жоюу наркын эсептешүү жүргүзүлөт;

– экинчи кезекте жоюлуп жаткан коомдун мүлкүн жөнөкөй акциялардын ээлеринин – акционерлердин ортосунда бөлүштүрүү жүргүзүлөт.

Ар бир кезектин мүлкүн бөлүштүрүү мурунку

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кезектеги мүлк толук бөлүштүрүлгөндөн кийин жүргүзүлөт. Эгерде коомдун мүлкү биринчи кезектеги акционерлердин ортосунда бөлүштүргөнгө жетишсиз болсо, анда мүлк ошол кезектеги акционерлердин ортосунда аларга таандык болгон акциялардын санына пропорционалдуу бөлүштүрүлөт.

Мүлктү сатып өткөрүүдөн алынган акча каражаттары мезгил-мезгили менен түшкөн учурда аларды белгилүү кезекте акционерлерге бөлүштүрүү аларга таандык болгон акциялардын санына жараша пропорционалдуу бөлүштүрүлөт.

Юридикалык жакты жоюу анын укуктарын жана милдеттерин укуктун өтүүчүлүк тартибинде башка жактарга өткөрбөй токтотууга алып келет.

Юридикалык жак: аны уюштуруучулардын (катышуучулардын) же юридикалык жактын уюштуруу документи менен ыйгарым укугун алган органдын чечими боюнча, анын ичинде ал максатына жетүү үчүн түзүлгөн юридикалык жак түзүлгөн мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу же аны түзүүдө четтетүүгө болбой турган мыйзамды бузууга жол берилгендигине карата юридикалык жакты каттоо сот тарабынан жараксыз деп табылгандыгына байланыштуу;

- ишмердигин тиешелүү уруксатсыз (лицензиясыз) жүзөгө ашырган же мыйзам тарабынан тыюу салынган ишмердикти жүргүзгөн, же мыйзамдарды башкача бир нече же одоно бузуулар менен же ишмердигин юридикалык жактын уставдык максаттарына лицензияда белгиленген операцияларды жүргүзүү алар үчүн ишмердиктин бирден-бир уруксат берилген түрү болуп саналган банктардын, финансы-кредиттик уюмдардын жана мекемелердин лицензиясы кайтарылып алынган учурларда карама-каршы жүзөгө ашырган, ошондой эле КРнын КР каралган башка учурларда соттун чечими боюнча жоюлушу мүмкүн.

Коммерциялык уюм болуп эсептелген кооператив же коомдук фонд катары аракеттенген юридикалык жак ал банкрот (кудуретсиз) деп табылгандыгына байланыштуу КРнын ЖКнин 100-статьясына ылайык жоюлат.

Демек, жогоруда айтылгандай юридикалык жактарды кайра түзүү жана кыскартуу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси, КР нын «Кудуретсиздик» жөнүндөгү мыйзамы, КР нын «Акционердик коомдор» жөнүндөгү мыйзамдар менен жөнгө салынат.

**Адабияттар:**


1. Овечкин А.П. «Коммерческое право». - Москва, 2008-ж.
2. Гущин В.В. «Корпоративное право». - Москва, 2006-ж.
3. Мусакожоев Ш. «Экономика» Энциклопедиялык окуу куралы. - Бишкек, 2003-ж.
4. Раманкулов К.С., Орозалиева А.А. «Предпринимательское (хозяйственное) право». – Бишкек, 2003-ж.
5. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси 1-2 б. 1996-ж. 1998 (2014-жылдын 3-июлундагы N 111 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)
6. КРнын «Акционердик коомдор жөнүдө мыйзамы» 27.03. 2003-ж. №64(3 .04. 2020 ж. N33 мыйзамынын редакциясына ылайык).
7. Холбеков Н.О., Тайиров М.М. Правовая основа материального стимулирования в экономике Кыргызской Республики. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2013. №. 4. С. 206-207